# НОСТАЛЬГИЯ

Сөзү: Алмазбекова Назима

Обону: Бейшекеев Сыймык

Эркелешкен сөздөр чыгып жүрөктөн,
Эхх, ал жерде кандай сонун күн өткөн.
Эстеп турам эбактагы мезгилди,
Экөөбүздүн жүргөн жерди сүрөттөн

Санаа тартып, агат суулар сайдагы,
Саргайбастан бак-дарактар жайдагы.
Жолугушчу жерден бизди издешип,
Жолубузду карайт жылдыз, ай дагы.

Жамгыр төксө бариктерден жаш тамаар,
Жаз келгенде жаңы жашоо башталаар.
Кеч киргенде жарык шаарга суктанып,
Кездешишет эми ал жерде башкалар.

Жоодурашып карап коюп бир-бирин,
Жолугушат эми ал жерде башкалар...